# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Макулдашылды
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңеши
Протокол № 5
"31" 01. 2025

Бекитем
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов
"31" 01. 2025

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин аспиранттарынын илимий жетекчилерине айлык акы төлөп берүү, окутуучуну илимий кызматкер кызматына өткөрүү жана илимий жетишкендиктерди сыйлоо боюнча ЖОБО

Жалал-Абад, 2024-жыл

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 16-июлундагы №327 илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо боюнча Жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн илимий кызматкерлерге айлык акы төлөп берүү боюнча 2013-жылдагы 15-январдагы №18 токтомуна жана ЖАМУнун 2022-жылдын 25-ноябрындагы №309 буйругунун негизинде "Илимий иштерди колдоо" боюнча ишке тартылган илимий кызматкерлердин эмгек акысын саатына төлөп берүү үчүн иштелип чыкты.

1. ЖАМУнун аспиранттарынын жетекчилерине 50 саат өлчөмүндө (Тиркеме 22) таянуу менен айлык-акы төлөп берүү;

2. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 16-июлундагы №327 жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо боюнча Жобосуна ылайык зарылдыгына карай (окутуучу өзү кайрылган учурда) окутуучуну илимий кызматкердикке өткөрүп, айлык-акысын ушул Жобого ылайыктап төлөп берүү;

3. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 16-июлундагы №327 Кыргыз Республикасынын илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо боюнча Жобосуна, ЖАМУнун 2022- жылдын №3 Протоколу менен бекитилген "Илимий иштерди колдоо" боюнча Жобосуна таянуу менен РИНЦ системасында индексацияланууучу импакт-фактору 0,1 ден кем эмес журналдарга (01.01.2022 ден 30.12.2022 ге чейин жана мындан ары да календардык жыл эсептелет) чыккан макалалар боюнча биринчи, экинчи, үчүнчү орундарды белгилөө жана авторлорду сыйлоо:

а) 100 баллдан жогору топтогондор 7000 миңден 10 000 миңге чейин;

б) 50 баллдан жогору 100 баллга чейин 3000 миңден 5000 миңге чейин;

в) 20 баллдан 50 баллга чейин 2000 миңден 3000 миңге чейин сыйланат.

4. Scopus жана Web of Science журналдарга чыккан 1 макала үчүн 10 000 сом менен сыйлоо.